Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
2021-жылдын 17-августундагы
№651 токтому менен бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы тарабынан шайлоо процесстеринде колдонулуучу программалык камсыз кылууну жана шайлоо жабдууларын жана алардын комплектөөчү жабдыктарын иштеп чыгууга, өркүндөтүүгө, ишке киргизүүгө жана коштоого байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну ишке ашыруунун**

# ЭРЕЖЕЛЕРИ

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) тарабынан шайлоо процесстеринде колдонулуучу программалык камсыз кылууну жана шайлоо жабдууларын жана алардын комплектөөчү жабдыктарын иштеп чыгууга, өркүндөтүүгө, ишке киргизүүгө жана коштоого байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну ишке ашыруунун Эрежелери (мындан ары – Эрежелер) «Улуттук коргонууга, улуттук коопсуздукка, мамлекеттик сырды, маалыматтык коопсуздукту коргоого жана табыгый кырсыктардын кесепеттерин жоюуга байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун тартибин бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 1-июлундагы № 398 токтомуна ылайык иштелип чыккан.

2. Ушул Эрежелер шайлоо процесстеринде колдонулуучу программалык камсыз кылууну жана шайлоо жабдууларын жана алардын комплектөөчү жабдыктарын иштеп чыгууга, өркүндөтүүгө, ишке киргизүүгө жана коштоого байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну жөнгө салат жана тыюу салуунун төмөндөгү принциптерине негизделет:

- сатып алуулардын жол-жоболору боюнча расмий жазууларга коомчулуктун жетүүсү;
- ачык жарыя кылуу жана конкурстук соодалашууга катышууга чакыруу;
- убакыт боюнча чектөө;
- каршы болуулар жана даттануулар;
- сатып алуунун усулун мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен макулдашуу.

3. Программалык камсыз кылууну жана шайлоо жабдууларын жана алардын комплектөөчү жабдыктарын иштеп чыгууга, өркүндөтүүгө, ишке киргизүүгө жана коштоого байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда алардын купуялуулугунун жана бүтүндүгүнүн кепилдиктерин камсыз кылуу, авторлоштурулбаган өзгөртүүдөн же алып салуудан, шифрлештирүүнүн пайдаланылган системасын ачуудан жана криптогорафиялык каражаттарын коргоо боюнча атайын чараларды талап кылган шайлоо процессинде колдонулуучу маалыматтык ресурстарда камтылган маалыматтарды максималдуу түрдө коргоо жана коопсуздугун камсыз кылуу ушул Эрежелердин максаттары жана мидеттери болуп саналат.

## 2. Сатып алууларды өткөрүүнүн жол-жоболору

4. Сатып алуунун жабык жол-жоболорун өткөргөндө ушул Эрежелердин сатып алуулар ыкмасы колдонулат.

5. Борбордук шайлоо комиссиясы ушул Эрежеде белгиленген маалыматтык коопсуздукту камсыз кылууга байланышкан товарларды алып келүүнү, жумуштарды аткарууну, кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүү зарылчылыгы жаралганда сатып алуулардын жабык жол-жоболорун жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алат.

6. Сатып алуулардын жабык жол-жоболорун жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алууда маалыматтык коопсуздукту түзгөн товарлар, аткарылуучу жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалыматтар сатып алуулар жөнүндө кабарламада, сатып алуунун жол-жоболорунун документтеринде же болбосо келишимдин долбоорунда камтылат.

7. Сатып алуунун жабык жол-жоболоруна катышууга улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан чакырылган берүүчүлөргө гана жол берилет.

8. Сатып алуунун жабык жол-жоболорун өткөрүүдө аны өткөрүү жөнүндө маалымдама, сатып алуулар жөнүндө документтер, аларга өзгөртүүлөрдү киргизүү, ошондой эле сатып алуулар жөнүндө документтерде чагылдырылган түшүндүрмөлөр жалпыга маалымдоо каражаттарында, мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтында жарыялануууга жатпайт.

9. Сатып алуулардын жабык жол-жобосуна катышууга электрондук документтер түрүндө тапшырык берүүгө, ошондой эле жабык сатып алуулар, аларга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө документтерди берүүгө, сатып алуулар жөнүндө документтердин жоболоруна түшүндүмө берүү жөнүндө суроо-талаптарды жөнөтүүгө жана мындай түшүндүрмөлөрдү электрондук документ түрүндө берүүгө жол берилбейт.

10. Сатып алуулардын жабык жол-жоболорун өткөрүүдө аудио- жана видео жазып алууларга тыюу салынат.

11. «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сатып алуулардын жабык жол-жоболорунун натыйжалары, протоколго киргизилген маалыматтардын мазмуну протокол менен жол-жоболоштурулат.

12. Өткөрүлгөн сатып алуулардын жабык жол-жоболорунун натыйжалары боюнча келишим түзүлөт.

13. Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын жооптуу түзүмдүк бөлүмү иштелип чыккан жана бекитилген техникалык спецификацияны, шайлоо процессинде колдонулуучу программалык камсыз кылууну жана шайлоо жабдууларын жана алардын комплектөөчү жабдыктарын иштеп чыгууга, өркүндөтүүгө, ишке киргизүүгө жана коштоого байланышкан товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн санын, аталыштарын ж.б. берет.

14. Борбордук шайлоо комиссиясынын буйругу менен жүргүзүлүүчү ар бир сатып алууларга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жол берилген, курамы 5 адамдан кем эмес өзүнчө жумушчу комиссия түзүлөт. Жумушчу комиссиянын мүчөлөрүнүн саны жуп эмес болууга тийиш, Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын орун басарларынын бири жетекчиси болуп дайындалат.

15. Жумушчу комиссия:

- жумушчу комиссиясынын жыйынынын протоколун жүргүзөт;
- тандап алуунун критерийлерин жана талаптарын түзөт;
- зарыл сатып алуулардын потенциалдуу берүүчүлөрүн аныкташат;
- берүүчүлөрдү катышууга чакырат;
- катышуучулардын сунуштарын карайт жана Берүүчүнү (аткаруучуну) аныктайт.

16. Берүүчүнү, подрядчикти же аткаруучуну аныктоо келишим түзүү жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими менен белгиленет. Келишимди тескөө Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүмү тарабынан ишке ашыралат.

17. Колдо бар программалык камсыз кылууну же жабдууну, анын комплектелүүчү жабдыгын толуктап иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүү зарыл болгон учурда Борбордук шайлоо комиссиясы жогоруда аталган жол-жоболорду өткөрбөй туруп, аларды иштеп чыккандар менен келишим түзүүгө укуктуу.

18. Шайлоо жана референдум өткөрүү учурунда Борбордук шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасынын мыйзамдары же болбосо Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган башка эл аралык макулдашуулар тыюу салгандарды кошпогондо, коммерциялык жана/же коммерциялык эмес эл аралык уюмдар же чет мамлекеттерден башка аткаруучулар менен аталган товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүү жөнүндө сүйлөшүүлөр жолу менен жогоруда көрсөтүлгөн жол-жоболорду жүргүзбөй туруп товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга келишим/келишимдерди же макулдашууларды түзүүгө укуктуу.